4. Дөөлөт Турумов.Тосттор, каалоолор, макал-лакаптар. Бишкек шаары ОАО “Эркин-Тоо басмаканасы.Эркиндик 65.3-183.
5. Русско-киргизский словарь. III том. Бишкек.2012.230
6. Турумов Дөөлөт. Тосттор, каалоолор, макал-лакаптар. Бишкек шаары ОАО “Эркин-Тоо басмаканасы.Эркиндик 65.3-222.34.
7. Толковый словарь Ушакова. Available at: https://ushakovdictionary.ru.
8. Шанский Н.М. Лексикология современного русского языка. М.: «Просвещение», 1972. 349).
9. Эстебесов Э.Баталар, тосттор. Бишкек. 2015. “Сөздөр” басмаканасы. 156. 84-156.
10. https://puzzle-english.com/directory/congratulations.

УДК 37.017.92(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-303-307

**Байтокова А. С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Байтокова А. С.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Baitokova A.S.**
KNU J. Balasagyn

## ЖАШ МУУНДАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ
## РОЛЬ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В ФОРМИРОВАНИИ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ
## THE ROLE OF NATIONAL PEDAGOGY IN THE FORMATION OF THE YOUNG GENERATION

**Аннотация:** Макалада элдик педагогиканын баалуулуктарына кайрылып, элибиздин кылымдардан келе жаткан тажрыйбаларын колдонуу менен андагы баалуулуктарды келечек муундар үчүн сактап калуу маселеси каралат. Аталган темадагы макала бүгүнкү күндө балдарды элдик педагогиканын жана улуттук баалуулуктардын негизинде тарбиялоого арналган маселелерди толук камтый алат. Макала элдик тарбиянын үлгүлөрүн жаш муундарды тарбиялоодо колдонууну сунуш кылат жана Ата журттун эркиндиги үчүн күрөшүүгө даяр, элдин ынтымагын, ата-бабалардын нарк-нускалуу сөздөрүн, каада-салтын, улуттун ар-намысын ыйык сактаган, бийик туткан инсанды тарбиялап өстүрүүгө салым кошууга даяр келечек муунду калыптандыруу маселесин козгойт.

**Аннотация:** В статье говорится о народной педагогике и рассматривается проблема сохранения ее ценностей для будущих поколений с использованием многовекового опыта нашего народа. Статья на указанную тему в полной мере освещает вопросы воспитания детей в настоящее время на основе народной педагогики и национальных ценностей. В статье предлагается использовать модели народного воспитания в воспитании подрастающих поколений.Ставится вопрос о формировании будущего поколения, борющегося за свободу Родины, сохраняющего единство народа, ценное слово предков, традиции и честь нации, готового внести свой вклад в воспитание благородной личности.

**Abstract:** The article talks about the values of national pedagogy and considers the problem of preserving its values for future generations using the centuries-old experience of our nation.
The article on this topic can fully illuminate the issues of education of children today on the basis of national pedagogy and national values.In the article, it is proposed to use the model of national education in the education of the younger generations, and the question is raised about the formation of the future generation, fighting for the freedom of the Motherland, preserving the unity of the people, the valuable word of the ancestors, the traditions and honor of the nation, ready to contribute to the upbringing of a noble personality.

**Негизги сөздөр:** баалуулуктар, элдик тарбия, жаш муун, калыптандыруу, ааламдашуу, каада-салт.

**Ключевые слова:** народное воспитание, формирование, глобализация, молодое поколение, ценности, традиции.

**Keywords:** national education, formation, globalization, young generation, values, traditions.

Учурдагы ааламдашуунун мезгилинде жаш муундарды туура калыптандыруу жана таалим-тарбия берүү, дүйнөлүк прогрессивдүү тенденцияларга биригүүгө басым жасоо, ар бир адамдын бизди курчап турган дүйнөнүн субьектиси экендигин түшүнүү менен кабыл алуу зарылдыгын көрсөтүүдө. Жаштарды элдик педагогиканын таасиринде тарбиялоонун актуалдашуусуна дүйнөлүк деңгээлде жүрүп жаткан экологиялык көйгөйлөр, баңгилик, аракечтик, адам сатуу, селсаяктык, өз өмүрүнө кол салуу ж.б. терс көрүнүштөрдүн күч алышы менен бирге жаш муундардагы адеп-ахлак жана руханий, ыйман-ызаттык багыт алуусуна түрткү болууда. Бул маселе, элдик педагогикага, башкача айтканда, элдин түпкү тамырына, тилине, дилине көңүл буруу жөнүндөгү теориялык-практикалык ой-тутумдарга кайрылууну талап кылат.

Г.Н.Волков: «Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика – элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы – эл» деп ар бир улуттун алтын казынасы – ошол элдин таалим-тарбиясы экендигин таамай белгилейт. Тарых барактарын карай турган болсок, улуу педагогдордун дээрлик көпчүлүгү элдик тарбиянын бай казынасынан азыктангандыгын көрүүгө болот.

Алсак, чех элинин улуу педагогу, педагогика илиминин негиздөөчүсү Я.А.Коменский өз элинин оозеки чыгармаларын элдин руханий дүйнөсүн, интелектуалдык маданиятын өстүрүп-өнүктүрүүнүн пайдубалы катары караган. Анын пикири боюнча нагыз элдик руханий асылдыктарга сугарылбаган инсан өз элинин чыныгы атуулу боло албайт деген [1,1]. Демек, жаш муундарды калыптандыруу маселесинде, илимий педагогиканын пайдубалы болгон элдик педагогикага көңүл буруу менен гана чектелбестен, учурдагы баалуулуктар алмашууга дуушар болуп турган мезгилде, элдик педагогиканын негизинде окутуу-тарбиялоонун системасын түзүү кажет деп эсептейбиз.

Учурдагы жаш муундардын элдик тарбия маданиятынан ажырап калуу коркунучу бүгүнкү күндөгү эң орчундуу маселелердин бири болуп саналат. Ошол эле учурда дүйнөнүн бардык элдери сыяктуу эле кыргыздардын да эч бир кайталангыс улуттук өзгөчөлүгү, элибиздин кылымдар бою келе жаткан жазылбаган тарбиялоонун мыйзамдары бар экендигин баамдоого болот. Этнопсихолог Тууганбай Коңурбаев: “Глобалдаштыруу шартында улуттук тарбия менен катар эле жалпы адамзаттык универсалдуу асыл-нарктарга да сугарыш маанилүү экенин жашоо тажрыйбасы көрсөтүүдө, балдарга улуттук жана универсалдык

баалуулуктарды мектептен баштап беришибиз керек экен", - дейт [6]. Улуттук баалуулуктар дегенде ошол элдин түпкү тамырын, улуттук каада салтын, үрп-адатын, тилин, кылымдардан туу туткан эне адебин, ата наркын, бүтүндөй уруунун жаш муунга таберик катары калтырган акыл-насаатын, акыл-ой берметтерин аңдап түшүнүүгө болот. Бул жөнүндө улуу ойчул-педагог, филология илимдеринин доктору, профессор Советбек Байгазиев: "Ырасында эле, өзүнүн түпкү тамырынан ажырап калган дарак тыштагы бир башка нерсе менен жалгашып, көгөрүп көктөй албайт эмеспи. Өзүнүн өзөктөш кыртышына тамырларын тереӊ сойлотуп, азыкты ошол жактан алып турган дарак гана сырткы дүйнөнүн насиптерин-абаны, күндү жана башка азык заттарын кабыл алып, кулпуруп өсүүгө жөндөмдүү келет. Адам баласы да ушул сыяктуу. Инсан өзүнүн улуттук топурагына, бир боор кыртышына тамырын бекем житирип, ошол жактан энергия күч кубат алып тура турган болсо, анда анын рухий саламатчылыгы жайында болот" [4,45-б]. Демек, учурда жалпы адамзаттык баалуулуктардын бир бутагы болгон улуттук баалуулуктарыбызды сактоо менен түпкү тамырынан ажырабай көгөрүп өсө турган жаш муунду калыптандыруу зарыл. Баланы кичинесинен эли-жерин, Ата Мекенин, эмгекти сүйүүгө, адептүү, намыскөй, өз элинин каада салтын, үрп-адатын сыйлоого, улуулардын алдынан кыя өтпөө сыяктуу тарбия үлгүлөрүнө үйрөтүү азыркы мезгилде дагы унутта калбашы керек. Ушул жагдайдан чыгып, элдик тарбияны жаш жеткинчектерден баштап алардын жан дүйнөсүнө бекем сиңирүү зарыл деп эсептейбиз.

"К.Д.Ушинский макалаларында ар бир элдин тарыхы, тагдыры менен тамырлаш түптүү маданияты бар экендигин, жаш муундарды тарбиялоо процессин андан ажыратуу орду толгус чоң трагедия экендигин, таамай так түшүндүрөт. Улуу педагогдун пикиринде нукура тарбия балдардын улуттук сыймыгын өнүктүрүүгө багытталууга тийиш" [1, 24-б]. деп эскерткен. Бирок ал башка элдерди жек көрүүгө, кемсинтүүгө таянган элементтерден оолак болууга тийиш" дейт.

Улуу классик педагогдор: "Бала актай барак, ага баарын жазууга болот" деген пикирдин куру эместигин элдик тарбиянын жаш муунду ооздон оозго өткөн сөз өнөрү менен тарбиялап, баланын аң-сезимине баарын жазып келе жаткандыгынан көрөбүз. Элдик тарбияны жаш муундарга сиңирүүдө албетте элдик чыгармалардын үлгүлөрүнө таянабыз. Элдик чыгармалар жаш урпакка таалим-тарбия берүү менен жаш муундардын пейил-мүнөзүн оңдоодо, адеп-ахлактык, көркөм-эстетикалык табитин өстүрүүдө чоң роль ойнойт. Жаш муундарга этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүдө, албетте элдик оозеки чыгармачылык боюнча алгылыктуу сөз кылууга болот. Элдик ооз эки чыгармачылык, деги эле элдик казынадан алынган ар бир уюткулуу сөздүн орду, адам баласынын турмушунда алмустактан бери эле чоң роль ойноп келген жана жаш балдардын ар тараптан мыкты тарбияланышына, акыл көрөңгөсүнүн бай болуусуна мыкты шарт түзүүгө өз салымын кошуп келет.

Учурдагы билим берүү мекемелериндеги тарбиялоонун каражаттары болгон эпостор, жомоктор, макалдар, элдик ырлар мектеп жана мектепке чейинки балдардын турмушунда тарбиялоонун негизги каражаттарынын бирине айланса жана аларды сабак жана сабактан сырткаркы иш-чараларда активдүү мектеп турмушуна киргизүү менен балдардын элдик чыгармаларды кабыл алуусуна өбөлгө түзүү зарыл.

"Жомоктор-адамзаттын таза кезиндеги тазалык жөнүндөгү ойлору камтылган чыгармалар. Жомоктун башкы каармандары жетим бала, жетим кыз, жалгыз бала, бир кемпир чал, акылдуу дыйкан, таза бала ж.б. бей-бечаралар болот. Жомоктордун балдарга тарбиялык таасири – кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жеңе алат,

акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду сиңире алгандыгында” [ 5, 78-б] Жомоктор, андагы каармандар аркылуу адилеттүүлүккө, боорукерликке, гумандуулукка, Ата Мекенин, эли жерин сүйүүгө, ак менен караны ажырата билүүгө эң башкысы адам болууга тарбиялайт.

“Орус элинин улуу акыны А.С. Пушкиндин “Кечинде элдик жомокторду угам жана ошону менен каргыш тийген тарбиямдын кемчиликтерин толуктайм. Элдик чыгармалар эмне деген укмуш” – деп жазганы бар. Чынында эле элдик жомоктор, уламыштар, эпостор, кылымдардын кыйырын басып калыптанган калктын улуу руханий маданиятын камтып турган, эл-журттун улуу генийинен жаралган өзүнчө бир керемет таалим-тарбия казынасы” [3, 363-б].

Элдик педагогикада өзгөчө кара сөз өнөрүнүн, анын ичинде накыл кептердин орду өзгөчө чоң маани бергендигин баамдоого болот, себеби өзгөчө баалуулугу менен айырмаланып турган көөнөрбөс рухий баалуу казына экендиги айныгыс чындык. Элдик чыгармаларда макал-лакаптар жаш муунду тарбиялоодо элдик тарбиялоонун кенч-казынасы, булагы катары кызмат кылуу менен өзгөчө орунду ээлеп келеген жана элдин улут катары калыптанган менталитетин, идеологиясын чагылдырып турганын төмөнкү макалдардан көрүүгө болот:

«Эр энеден туулат, эл үчүн өлөт»
«Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде»
«Элиң сынганы – белиң сынганы»
«Карысы бардын ырысы бар, карыя үйдүн куту»
«Кары келсе ашка, жаш келсе ишке»
«Атаң карыса – кул кылба, энең карыса – күң кылба» деген сыяктуу бекем идеологиялык мүнөздөгү макал-лакаптар жашап келгендиги үчүн кыргыздарда Ата Журтун көздүн карегиндей сактоого бел байлаган эр азаматтардын болгондугун жана кыргыздарда кароосуз калган балдар жана кароосуз карыялар деген болбойт деп пикирлер айтылып келгендиги бизге белгилүү.

Кылымдардан бери келе жаткан кара сөз менен берилген элдик таалим-тарбия эл арасында желдей тарап, суудай сиңип келип, бүгүнкү күндө өз ордун таба албай аксап келүүдө, андыктан учурдагы билим-тарбия берүүдө башкы милдеттердин бири – окуучуларды ошол элдик тарбияны камтыган элдик оозеки чыгармаларды мектеп программасына кененирээк киргизүү менен окутуу, тарбиялоо ишибизде колдонуп, балдарга кандайча бекем принцип менен жеткирүүнүн ыкмаларын табууга тийишпиз.

Ата-бабалардан калган бардык салттарды, жөрөлгөлөрдү, адабий, маданий мурастарды окуучуларга үйрөтүүдө учурдагы окуу-тарбия процессиндеги окуу пландарды, окуу программаларын системалуу, окуучуларга жеткиликтүү болгондой кылып түзүп алуу зарыл деп эсептейбиз. Бул үчүн мектеп турмушунда тарбиялык сааттар жана орто кесиптик, жогорку окуу жайларда вариативдик окуу планы аркылуу төмөндөгүдөй болжолдуу бөлүмдөрдү киргизүүгө болот:

1. Өрнөктүү өмүрлөр;
2. Салттуу музыка;
3. Тил – улут байлыгы;
4. Көркөм сөз өнөрү;
5. Улуттук баалуулуктар ж.б...

1. *Өрнөктүү өмүрлөр*: кандай гана доор, кандай эл болбосун, анын тарыхы жана анда жашап өткөн адамдар: тарыхчылар, педагогдор, таланттар, ойчулдар, сүрөтчүлөр, өз доорунун мыкты архитекторлору, агартуучулары, акындары, жазуучулары болот.
Мисалы: Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Нурмолдо, Молдо Кылыч, К.Тыныстанов, И. Арабаев, Ысык-Көлдүн жети акеси, Ч.Айтматов, Саякпай Каралаев ж.б.

Элдин арасынан чыккан улуу ойчулдардын, сөз өнөрүн аздектеген адамдардын өрнөктүү өмүрлөрү жана кол жазмалары, насыят сөздөрү менен таанышуу дагы жаш балдар үчүн үлгү жана дем-күчтү толтурат.
Маселен, Калыгулдун "Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн, таза болсоң суудай бол, жаманды жууп кетирген" деп жаш балдарды калыптандырууда аларды суудай таза болууга үндөйт. Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасынын тарбиялык мааниси, Ч.Айтматовдун "Адамга эң кыйыны-күн сайын адам болуу" сыяктуу ой-толгоолору албетте келечек муун үчүн кылымдарга күл азык катары кызмат кылат. Нурмолдо Наркул уулунун кол жазмаларына токтоло турган болсок, анын "Таалим-тарбия улуттук нарк-дөөлөттөргө негизделиши керек" деген ташка тамга баскандай сөзү, албетте элдик баалуулуктар жана улуттун дөөлөттөрүн аздектеп сыйлоо крек экендиги жөнүндө кабар берет. Саякпай Каралаев айткан "Манас эпосу" – кыргыз элинин көөнөрбөс тарбия куржуну. Элдин тарбиясын, наркын, улуулугун даңазалап, ошол элдин улуттук жана дүйнөлүк чыйырына жол салган өрнөктүү өмүрлөрдүн бар экендиги жана алардын опол-тоодой орду келечек муунду калыптандырууда чоң роль ойнойт.
2. *Салттуу музыка*: комуз жана башка улуттук аспаптар, күүлөрдүн тарыхы менен окуучуларды тааныштыруу. Мисалы: «Кыргыз көчү», «Камбаркан», «Сынган бугу», «Насыйкат», «Кербезим», «Көкөй кести», ж.б. у.с. кермет күүлөр, кайрыктар жаш муундардын жүрөгүнөн түнөк тапса, элдин касиети артып, пейил-напсиси ордуна кайтып, бөксөлөр толот эле деген бийик максаттар орундалары бышык.
3. *Тил –улут байлыгы*: "Тил –улут тагдыры, тарых –эл тамыры" Тил жоголсо, дил жоголот демекчи эне сүтү менен бүткөн эне тил жоголсо, бүтүндөй улуттун жоголуу коркунучу тураарын ар бир эле адам баласы аңдап туя алат. Өсүп келе жаткан жаш жеткинчектерге, студенттерге эне тилин кадырлоо, сыйлоо жаатында байма-бай иш-чаралардын өтүп туруусу абдан керек. Ошондо гана ата-бабалардын бизге калтырган табериктерин, улуу мурасын, Ата Журтубузду, элдин тилин, намысын, дилин сактап кала алабыз.
4. *Көркөм сөз өнөрү*: макал-ылкаптар, ишеним, тыюулар, тамсилдер, санжыра, табышмак, жаңылмачтар, уламыштардастан, жомок, учкул ойлор ж.б. кошууга болот. Кара сөз өнөрү – байыртадан эле балдарды тарбиялоодо таасирдүү тарбия каражаты болуу менен бирге алардын жан дүйнөсүн каккылап турган доолбастын милдетин аткарып келген.
5. *Улуттук баалуулуктар*: боорукердик, кайрымдуулук, бири-бири үчүн күйүмдүүлүк, тилектештик, толеранттуулук, адеп-ахлак, руханий көрөңгө, адилеттүүлүк, каада-салт, үрп-адат сыяктуу адам баласынын турмушундагы баалуулуктар менен ар бир жаш муунду азыктандыруу орчундуу жана маанилүү. Демек, ар бир инсан өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин, нукура элдик дөөлөттөр менен байытууну, өркүндөтүүнү максат кылганда гана окуу-тарбия процессинин жемиштүүлүгү артат деп белгилөөгө болот.

Азыркы учурда билим берүүнүн сапатына өзгөчө бир көз караш менен кароого, окуу-тарбия иштеринин мазмунун жана усулун модернизациялоого, билим берүүдө ар бир окуу жайды улуттук таризде модернизациялоо, Ата Мекендик педагогиканын тарыхына кайрылуу мезгилдин талабы болууда. Окуучулардын элдик баалуулуктарга карата сезимин өстүрүүдө,

келечек муунду нукура маданиятыбыздын таасиринде тарбиялоо, сыяктуу демилгелер бүгүнкү күндүн талаптарынын бири деген ойдобуз.

**Колдонулган адбияттар тизмеси:**


1. Алимбеков, А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 66б. 6
2. Абдылдаев М.К. Мурас [Текст] / М. К. Абдылдаев. – Фрунзе, 1990.
3. Байгазиев, С.О. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С. О. Байгазиев. – Бишкек, 2012. – 217б.
4. Байгазиев, С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек: [б-сыз], 1998. – 97 б.
5. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы, жана тарыхы [Текст] /А.Муратов. – Бишкек: Турар, 2011. – 558б.
6. Чекиров, К. Би-Би-Си Кыргыз кызматынын кабарчысы [Текст] / К. Чекиров.



УДК 811:81.13+391.4
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-308-314



**Ибрагимова Ж. Б.**
И. Раззаков атындагы КМТУ
**Ибрагимова Ж. Б.**
КГТУ имени Раззакова
**Ibragimova Zh. B.**
KSTU I.Razzakov


# ЖОЖдордо ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА УЛУТТУК БАШ КИЙИМ “АК КАЛПАКТЫ” ОКУТУУНУН ЫК ЖОЛДОРУ
# МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЕ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОЙ ЯЗЫК В ВУЗАХ, ПРИ ПОМОЩИ ТЕКСТА “АК КАЛПАК”
# LEARNING KYRGYZ LANGUAGE AS SECOND LANGUAGE AT HIGH SCHOOLS, USING THE THEME "AK KALPAK"


**Аннотация:** Бул макалада жогорку окуу жайында, кыргыз тилди экинчи тил катары окутууда, улуттук баш кийим болгон “Ак калпакты” текст аркылуу берилишин, анын окутулуш ык-жолдорун студенттерге тааныштыруу, үйрөтүү. Эмнеден жасалат; кандай түрлөрүү бар; оймо-чийме, саймалардын маанилери эмнени түшүндүрөт. Чекесинде ар түрдүү кыюулары кандай өңдө болгондо кандай курактагы адамдар кийет. Кыргыз улуту үчүн ак калпактын кандай мааниси бар экендигин, эмне себептен улуттук баалулук катары эсептейбиз. Студенттерди өзүнүн улутунун баалулуктарын сактап, мекенчил болууга тарбиялоо.

**Аннотация:** В этой статье раскрывается преподавание кыргызского языка как второй язык в высших учебных заведениях, при помощи текста «Ак калпак» - методы, традиции, обычаи кыргызского народа. Из чего сделан; что означает; орнаменты; каких калпаков какого возраста люди должны носить. Студенты должны знать и ценить народные достояние, воспитывать чувство патриотизма.